اللغة القرغيزية

Кыргыз тили

دليل المسلم الجديد، ما هو الإسلام؟

للشيخ د. هيثم سرحان

# Жаңы мусулманга колдонмо баяндама

## Ислам деген эмне?




Syaikh Dr. Haitsam Sarhan

# Даарат, таяммум жана гусулдун (Чон даарат) баяндамасы




## Даарат алуунун баяндамасы.

Даарат алууга жүрөк менен ниет кылып, "Бисми-Ляях" - деп айтат, жана колун жууйт.



1

Анан оң колу менен суу алып оозун чайкайт "сууну оозуна алып эки жака жүгүртөт", андан соң аны түкүрөт "сууну оозунан чыгарат", андан соң мурдуна суу тартып алып тазалап чимкирет "чимкирээрде сол колунун сөөмөйүн жана бармагын колдонот (мурдунун үстүнө коюп)".




2

Кийин бетин жууйт. Чач өсүп чыкчу жерден ээктин астына чейин жана оң кулактан сол кулака чейин жуулушу керек



3

Анан чыканактарын кошуп билектен ылдый манжалардын учтарына чейин эки колун жууйт, биринчи оң колду кийин солду.




4

Андан соң башына масх тартат: Эки алаканын суулап алып башынын алдыңкы жагынан артка карай желкесине чейин, жана кайра артка чекесине чейин сылап өткөрөт.




5

Эки сөөмөйү менен кулактардын ичтерин жана эки баш бармагы менен кулактардын сыртын/аркасын сүртөт.



6

Аягында эки бутун, томугу « кызыл ашыгы » менен бирге жууйт.



7

- Даарат алууда аша чабуунун өкүмү кандай?

Үч жолудан ашык жуу, чыканактан өйдө колду жуу, буттарды томуктан өйдө жуу же моюнга да суулап масх кылуу жана ушулар сыяктуу кошумчалар менен аша чабууга уруксат берилбейт.



8

- Даарат алып бүткөндөн кийин :

"Ашхаду алля иляха илля-Ллах вахдаху ля шарикя лях ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулюх" деп айтат. Жана Ат-Тирмизиде кабарланган бул сөздөрдү да айтса болот: "Аллахумма-жаль-ни мин ат-таввабина ва жаль-ни мин аль-мутатоххирин".

9

- Дааратты бузуучу амалдар :

1- Астыңкы жана арткы мүчөлөрдөн чыккан нерселер: заара, заң же жел сыяктуу.

2- Акылдын кетүүсү: уйку же эси оош жыгылуу менен.

3- Төөнүн этин жеш.

10

## Таяммумдун баяндамасы

Таяммум - бул дааратттын мүчөлөрүнө же кээ бирине суу колдонуу мүмкүн болбой турса, же суу жок болсо, же сууну колдонууда зыян болуп калуу коркунучу болсо, бул учурларда суунун ордуна топуракты колдонулган даарат.

1


Таяммум алууга жүрөгү менен ниеттенген соң, "Бисми-Ляях" деп айтат. Анан эки алаканы менен бир жолу жерди чабат дагы, бетин жана эки колдун тышкы бетин сүртөт.

1 2 3 4



2

Алакандар менен жерди уруп жатканда, манжаларын кымтыбай жаюуга жана сырткы бетине келгенде салааларын кошо сүртүүгө уруксат берилбейт.



3

## Милдеттүү Гусулдун баяндамасы

Гусул алууга жүрөгү менен ниеттенген соң, "Бисми-Ляях" деп ичтен айтат. Андан соң бүт денесине суу жеткизет. Суу менен коюу жана суюк чачтардын араларын калтырбай, жана ооз-мурунду чайкаш керек.

1

- Эмне иштер гусулду алууну милдет кылат :

1- Жунуп болуп булгануу: Жыныстык катнаш же башка себептен эрендик, бел суусунун чыгышы менен, же (чыкпаган учурда деле жыныстык катнаштан) эки мүчөнүн биригүүсү менен гусул бузулат. 2- Этек кири же төрөттөн кийин келчү кандын башталуусу. 3- Өлгөн адамга гусул кылынат (бир гана шейит болуп каза тапкандардан башкасы). 4- Каапыр Ислам динин кабыл алганда.

2

Даярдаган : Шариат илимдеринин доктору, шейх Хейсам Сархан, Пайгамбардын ﷺ мечитинде мугалим, жана "Сүннөт": mahadusunnah.com институтун жетекчиси.

Басылмага, жайылтууга, таркатууга уруктар ачык. - Башка тилге которуу үчүн: sarhaan.com же кодду сканерле!


# Пайгамбардын намазынын баяндамасы ﷺ

1

Имамдын, же намазды жалгыз окуп жаткан адамдын астында бир тосоолдук (сутра) болушу сүннөт болот. Ал эми имамга уюп окугандарга, имамдын сутрасы жетиштүү.




Намаз окуп жаткан кезде адам саждада чекеси тийчү жерди гана карап, башка жакка бурулуп алаксы болбошу керек.




1

Эки бутун эки ийинин деңгээлинде коёт, көп да, аз да эмес, жана тышкы тарабынан түздөйт.




2

Намаздын шарттары аткарылган соң, "Аллаху Акбар" - деп айтып эки колун, манжалары кымтылган абалда, ийин же кулак деңгээлине көтөрөт, жана эки алаканы кыбыла тарапка беттелет.



3

Андан кийин оң алаканын сол алаканынын тышкы бетине, же болбосо кырк муунга, же билегине коюп, кол байлайт «төшүнө байланат». Же оң колу менен сол колун кырк муундан кармайт.



4

Кийин намазды баштоочу (ал-истифтах) дубасын окуу "мустахаб" парз эмес, бирок жакшы болот, бул биринчи ракетте гана окулат. Сүннөттө келген башка дубалардан дагы түрлөп окуганы жакшыраак. Окулчу дуба :
«СубханакяЛлахума уа бихамдика уа табарака-смука уа та`аля джаддука уа ля иляха гайрук»


Кийин "истиаза" айтып Аллахтан коргоо тилейт. Истиаза бул : "Аузу би-Лляхи минаш - шайтоонир - ражийм" - деген сөздөрү.

Анан "Би-сми-Лляхи ар-Рахмаани ар-Рахим" деп айтып, кийин ар бир сөзүнө, тамга-тыбышына көңүл буруп, ирээти менен, бир дагы аятын калтырбай "ал-Фатиха" - сүрөөсүн окуйт.
Бисмил-ляяхи ррахмаани ррахиим «1» Аль-хамду лил-ляяхи раббиль-‘аалямиин «2» Ар-рахмаани ррахиим «3» Маалики яумид-диин «4» Ийаакя на’буду ва ийаакя наста’иин «5» Ихдина ссырооталь-мустакыим «6» Сыроотол-лязиина ан’амта ‘аляйхим, гайриль-магдууби ‘аляйхим ва ляд-дооллиин «7»

"Ал-Фатихадан" кийин "истиаза" айтпастан Курандан бир үзүндү окуганы дурус. Бир сүрөөнү башынан окуганы жатса гана "Би-сми-Лляхи ар-Рахмаани ар-Рахим " деп баштайт.

5

Анан эки колун баштагыдай көтөрүп, "Аллаху Акбар" - деп такбир кылат дагы, андан соң бел ийип рукүгө « жүгүнүүгө» кетет. Эки колу менен эки тизесин кармайт, жана эки чыканагы бүгүлбөшү керек. Ал эми далысын бүкүрөтпөй, башы менен бир деңгээлде түз кармайт. Бел ийген учурда: "Субхаана роббиял-Азыйм" - деп жок дегенде бир жолу айтуусу милдет, жана сүннөттө көрсөтүлгөн сөздөрдү да кошуп көбүрөөк айтканы жакшы.




6

Жүгүнүүдөн көтөрүлүп баратып, толук түз турганга чейин "СамиаЛлаху лиман хамидах" - деп айтат, жана эки колун ийин же кулак деңгээлине көтөрөт.

Анан толук түздөлгөндө "Роббанаа уа лякаль-хамд" - деп айтат. Сүннөттө келген башка сөздөрдү улап айтканы да дурус.


Андан кийин колун көтөрбөстөн "Аллаху Акбар" - деп айтып, денесинин жети мүчөсүнө чөгөлөп сажда кылат. Алар: чеке менен мурун, эки алакан, эки тизе жана эки бутунун манжаларынын ички бети.

Сажда учурунда колдорун капталдарынан, курсакты сандарынан, сандарын балтырларынан алыстатып, чыканактарын жерге тийгизбеши керек.




7

Ошол кезде жок дегенде бир ирээт "Субхаан Роббиял-Аъля" деп айтуусу зарыл, жана сүннөттө көрсөтүлгөн башка сөздөрдү да кошсо жакшы. Жана ал өзү каалаган дуаларын айтып, тиленсе дагы болот, бирок пайгамдардан ﷺ келген дуалар менен кайрылганы абзелирээк.




8

Андан кийин "Аллаху Акбар" деген сөз менен сол таманын төшөй отуруп, оң таманын тик кармайт. Ушул кезде оң буттун манжалары кыбыла тарапка караш керек. Эки алаканы болсо тизесинен ойдоровк - сандарына коюлат жана ушул абалда "Роббих фирли" деп айтуу керек. Ушул отуруш баардык намаздарда болот, бир эле үч же төрт рекеттен турган намаздарда, "тауаррук" аттуу отуруш бар: сол бутту оң шыйрактын астына салып отуруу.




9

Андан соң "Аллаху Акбар" деген сөздөр менен биринчи ирээт кылгандай эле кайра дагы бир сажда кылат. Аны аткарган соң "Аллаху Акбар" деген сөздөр менен экинчи рекетке өйдө турат. Экинчи рекет деле биринчи рекеттей аткарылат, бир гана "аль ихрам такбири" менен "истифтах дуасы" окулбайт.



Экинчи сажданы бүтүргөн соң "ташаххуд" окуш үчүн « жогоруда баяндалган ыкмада» отуруп калат.


Оң колдун сөөмөйүн Кыбыла тарапка сунуп, бир аз кыймылдатып, Аллахка дуба менен кайрылат, ортон менен бармагын шакекчедей бириктирет.



"Ташаххуд" сөздөрүн (аттахият) айтат жана андан соң "Ибрахимий салаватты" окуйт:
Ат-тахиййату ли Лляхи ва-с-салявату ва-т-таййибату , Ас-саляму'алей-ка аййуха н-набиййу , Ва рахмату Ллахи ва баракяту-ху , Ас-саляму 'алей-на ва 'аля 'ибади Лляхи с-салихина , Ашхаду ан ля иляха илля Ллаху ва ашхаду анна Мухаммадан 'абду-ху ва расулю-ху.
Аллахумма салли аля Мухаммад,уа аля али Мухаммад , кама саллайта аля Ибрахима уа аля али Ибрахима , иннакя хамидун мажид , Аллахумма барик аля Мухаммад уа аля али Мухаммад , кама баракта аля Ибрахима уа аля али Ибрахима , иннакя хамидун мажид.

Андан соң Аллахтан төрт балээден коргоону тилеп кайрылат: Оо, Аллах мен Сенден тозок азабынан, кабыр азабынан, жашоо жана өлүмдөгү азгырыктардан жана Дажжалдын азгыруусунан сактооңду сураймын" (Аллахума инни аузубика мин азаби жаханнам, уа мин азабиль-кабр, уа мин фитнатиль- махья уаль-мамат, уа мин шарри фитнатиль-масихи дажжаль). Жана каалаган дуа менен кайрылса болот, бирок пайгамбардан ﷺ келген дуалар менен кайрылганы абзел. Андан соң: “Оо, Аллах, Сени эскерүүгө, Сага шүгүр кылууга жана татыктуу түрдө Сага ибадат кылганга мага жардам бер” (Аллохума, аин-ни аля зикри-кя, ва шукри-кя ва хусни ибадати-кя) - деп айтат.

Андан кийин колдорун эки жакка кыймылдатпай, ийиндерин бурбастан, башын өйдө-ылдый кылбай түз буруп, эки тарапка башы менен гана "Ас-саляму алейкум Уа рахматуЛлахи" деп салам берет.



10

Даярдаган: Шариат илимдеринин доктору, шейх Хейсам Сархан, Пайгамбардын мечитинде мугалим, жана "Сүннөт" mahadusunnah.com институтун жетекчиси.

Басылмага, жайылтууга, таркатууга уруктар ачык.
Башка тилге которуу үчүн: sarhaan.com же кодду сканерле!




alsarhaan.com
sarhaan.com

Ажылык түркүктөрү: ким түркүктү аткарбай калса аны аткармайын ажылыгы өтпөйт.
Ажылык важибтери: ким важибти аткарбай калса курмандык чалуу менен толуктайт.

و لا تقف ما ليس لك به علم
Билбегениңдин артынан ээрчибегин

و غضض من صوتك
Үнүңдү басаңдат

ادفع بالتي هي أحسن.
Жамандыкка) жакшыраак) нерсе менен жооп бер

و لا تنابزوا بالألقاب.
Бири-бириңерди жаман ылакаптар менен акарат кылбагыла

إجتنبوا كثيرا من الظن
Күмөн саноонун көбүнөн алыс болгула

و أطعموا البائس الفقير
Бечара кембагалды тойгузгула

و قولوا قولا سديدا
Туура сөздү сүйлөгүлө

و احفظوا أيمانكم
Антыңарды сактагыла

كونوا قوامين بالقسط
Калыстыкты кармангыла

و لا تلبسوا الحق بالباطل
Чындыкка жалганды аралаштырбагыла

و اخفض جناحك للمؤمنين.
Момундарга канатыңды жай

خذ العفو و أمر بالعرف.
Кечиримдүүлүктү карман жана тууралыкты буюр

و لا تأكلوا أموالكم بينكم بالباطل
Бири-бириңердин мал-мүлкүн арам жолдор менен жебегиле

و لا تجسسوا.
Бири-бириңерди аңдыбагыла

و بالوالدين إحسانا و ذي القربى و اليتامى
Ата-энеге, туугандарга жана жетимдерге жакшылык кылгыла

أنفقوا مما رزقناكم
Биз силерге ырыскы кылып берген нерселерден сарптагыла

و تعاونوا على البر و التقوى
Жакшылык жана такыбаа иштерде бири-бириңерге жардам бергиле

و زنوا بالقسطاس المستقيم
Туура тараза менен тарткыла

اعدلوا
Адилеттүү болгула

و لا تعثوا في الأرض مفسدين.
Жер бетинде бузуку таратып жамандык кылбагыла

و لا تصعر خدك للناس
Жийиркенүү менен адамдардан жүз бурба

و اعرض عن الجاهلين.
Наадандардан жүз үйүр

لا تبطلوا صدقاتكم بالمن و الأذى
Колко кылып, же ыза келтирип садакаңарды жокко чыгарып албагыла

و لا يغتب بعضكم بعضا
Бири-бириңерди ушактабагыла

و إذا حييتم بتحية فحيوا بأحسن منها
Силерге качан салам берилсе, андан да жакшыраак алик алып саламдашкыла

و آتوا اليتامى أموالهم
Жетимдердин мал-мүлкүн өздөрүнө бергиле

و لا تعاونوا على الإثم و العدوان
Душманчылык жана күнөө иштерде бири-бириңерге жардам бербегиле

و أوفوا الكيل إذا كلتم
Өлчөгөндө чен өлчөмдү толук толтургула

و لا تعتدوا.
Чектен чыкпагыла

و لا تمش في الأرض مرحا
Жер бетинде текеберленип жүрбө

و اقصد في مشيك.
Жүрүшүңдү орточо кыл

ادع إلى سبيل ربك بالحكمة
Раббиңдин жолуна даанышмандык менен чакыр

لا يسخر قوم من قوم
Бир эл башка элчи мазактабасын

ادخلوا في السلم كافة
Исламга толук киргиле

و لا تتبدلوا الخبيث بالطيب
Жакшыны жаманга алмаштырбагыла

و قولوا للناس حسنا
Адамдарга жакшы сөз айткыла

و أوفوا بعهد الله إذا عاهدتم
Убада берген соң, Аллахка берген убадаңарга так болгула



# Мухаммед пайгамбар ﷺ деген ким болгон жана ал бизге эмнени үйрөткөн?

Шейх доктор Хейсам Сархандын түшүндүрмөсү
Мурда пайгамбардын мечитинде мугалим болгон
жана азыр "Сүннөт" институтунун жетекчиси

Кодду сканерлөө - sarhaan.com

## Мухаммед пайгамбар ﷺ деген ким болгон жана ал бизге эмнени үйрөткөн?

- Ал 1400 жыл мурун адамзаттын акысын коргогон .

- Ал  эркек-аялын, кичинекей же алсызын бөлбөстөн, баарынын укугун коргоп келген.

- Ал айбанат же өсүмдүктөргө, ал тургай тоголок жерге да кам көрүүгө үндөгөн.

- Ал бизге көркөм мүнөздүү болууну буйруп, туугандар жана кошуналар ортосундагы мамилени ирээттеп берген.

- Ал мусулман жана мусулман эместердин ортосундагы жашоо-турмуш мамиле куруунун негиздерин түптөп кеткен.

- Ал үй бүлөдөгү ич ара мамилени, ата-эненин акысына өзгөчө кепилдик берилгидей кылып ирээттеп, балдарына болсо ошол акысын орундатууну милдет кылды.

## Мухаммед пайгамбар ﷺ деген ким болгон жана ал бизге эмнени үйрөткөн?

- Ал зулумдукту тыйып, адамдарды адилеттүү болууга, бири-бирин жакшы көрүп, жардам берип жана жакшы иш жасоодо колдоо көрсөтүп турууга чакырган.

- Ал муктаждарга жардам берип, ооругандарды зыярат кылып, бири бирине сүйүү менен мамиле кылып, ак ниеттүү болууга чакырган.

- Ал мусулмандарга: уурулук, алдамчылык, киши өлтүрүү жана адилетсиздик сыяктуу терс көрүнүштөгү жоруктарды тыйган.

- Ал биздин жашообузду жана адаттарыбызды оңдогон адам.

- Ал мусулмандарды уурдабагыла деп үйрөткөн.

- Ал мусулмандарды калп айтпагыла деп үйрөткөн.

- Ал мусулмандарды мас кылуучу ичимдиктерди ичпегиле деп үйрөткөн.

## Мухаммед пайгамбар ﷺ деген ким болгон жана ал бизге эмнени үйрөткөн?

- Ал мусулмандарды зынаа кылбагыла деп үйрөткөн.

- Ал мусулмандарды алдабагыла деп үйрөткөн.

- Ал мусулмандарды бейкүнөө адамдар менен согушпагыла деп үйрөткөн.

- Ал мусулмандарды кошуналарга жакшы мамиле кылгыла деп үйрөткөн, жада калса алар каапыр болсо дагы.

- Ал мусулмандарды ата-энеңерге жакшы мамиле кылып, кызмат кылгыла, алар башка динде болсо дагы деп үйрөткөн.

- Ал мусулмандарды кичүүлөргө, аялдарга, алсыздарга жана карыларга ызат мамиле кылгыла деп үйрөткөн.

- Ал мусулмандарды адам жана айбанатка кыйынчылык көрсөтпөгүлө жана айлана чөйрөгө зыян тийгизбегиле деп үйрөткөн.

## Мухаммед пайгамбар ﷺ деген ким болгон жана ал бизге эмнени үйрөткөн?

- Ал мусулмандарды өмүрүнүн аягына чейин өз жубайларын сүйүп, аларга мээримдүү болууга жана  балдарына кам көрүп, аларга боорукерлик кылууга үйрөткөн.

- Ал мусулмандарга эч качан өз балдарыңар менен мамилеңерди үзбөгүлө, алар чоңоюп бойго жетсе дагы деп үйрөткөн.

- Ар бир мусулман Мухаммадты ﷺ бардык макулуктардан артык жакшы көрөт.

- Муса жана Ыйса пайгамбарлар (аларга Аллахтын саламы болсун) өз коомдорун ал жөнүндө кубанычтуу кабар менен маалымдашкан.

- Ар бир мусулман Муса жана Ыйса пайгамбарларды жакшы көрөт (аларга тынчтык болсун), жана алар эң урматтуу пайгамбарлардан деп ишенишет (аларга тынчтык болсун).

- Мухаммед ﷺ пайгамбар арабтарга эле эмес, бардык улуттарга жөнөтүлгөн.

## Мухаммед пайгамбар ﷺ деген ким болгон жана ал бизге эмнени үйрөткөн?

- Анын прининде араб жана араб эместер бир гана такыбалык менен айырмаланышат.

- Чындыгында ал - Мухаммед ﷺ жана ал Аллахтын элчиси.

- Бардык мусулмандар Мухаммедти ﷺ эмнеге жакшы көрөт экенин билип алдыңызбы?

- Мухаммед ﷺ мусулмандар үчүн кандай даражада экендигин билип алдыңызбы?

Аллахтын элчиси Мухаммед тууралуу көбүрөөк билгиңиз келсе, төмөнкү баракчаларга өтүңүз.

Шейхтин сайты

sarhaan.com

Сүннөт институту

mahadsunnah.com